**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКСАКАЛДАР КЕҢЕШИ**

**АКСАКАЛДАР КЕНЕШИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**г.Бишкек, ул.Фрунзе, 499 кв.1**

**тел.: +996 312 32-49-14**

Исх.№ 77 от "22" сентября 2017 г.

***БШКнын төрайымы Нуржан Кармабековна Шайлдабековага***

***Республикалык Аксакалдар Кеңешинин тутумундагы аксакалдардын жамааттык***

КР БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 01-13/2234
«22» 09 2017 ж/г

**Арызы**

Урматтуу Нуржан Кармабековна!

Шайлоо үгүтү башталды, бирок бир апта өтпөй, оркойгон мыйзам бузууларды, башка талапкерге караганда, бийликчил КСДП партиясынын кандидаты-Сооронбай Жээнбековдун тарапкерлери тарабынан арбын бузула баштады.Аксакалдар, биз бардык талапкерлерге бирдей шарт түзүлүшүн каалайбыз.

21-сентябрда Базар-Коргон районунда, Уламалар Кеңешинин мүчөсү Чубак Жалилов топтолгон элдин алдына чыгып, өзүн эле эмес, бүт мусулмандарды -шайлоодо Сооронбай Жээнбековду колдоого массалык түрдө үгүттөдү.Баш мыйзамдын 22 беренесинин 15 бөлүмүндө "Мамлекеттик органдарда,жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу түзүмүндө иштеген кызматкерлер, шайлоо комиссиянын мүчөлөрүү, байкоочулар, эл аралык байкоочулар, соттор, диний уюмдун өкүлдөрү үгүт жүргүзүүгө тыюу салынган" Ошондой эле Конституциянын 7 беренесинде"Дин ишмерлери үгүт ишин жүргүзо албайт, үгүт материалдарын чыгара албайт, үгүт материалдарын тарата албайт" деп мыйзамда бадырайып жазылып турса да, эмне үчүн, рухий лидер, аалым, Чубак ажы, шейх, мыйзамды көзгө илбестен шайлоо өнөктүгүндө үгүттөп жүрөт? Буга эскертүү берип тыйбасаңар, чырлуу окуяга себеп болосуңар.Мындан бир апта мурун, Кара-Суу районундагы №71-мектептин директору Малика Рахманалиева окуучулардын ата-энесин чогулушка чакырып алып,"Сооронбай Жээнбековду шайлагыла!" деп мыйзамсыз үгүттөөгө жол берген.Буга да эч кандай чара көргөн жоксунар,мындай мектеп директорлорун кызматтан алыш керек, башкаларга сабак болот.

19-сентябрда, президенттикке талапкер, Бабановду бийликтегилер катуу наразыланып " Эмне үчүн шайлоо учурунда башка мамлекеттин жетекчиси менен жолугуштуң?" деп кине койгонуңар туура болбой калды.Казак элчилигине наразылык нота жиберүүгө да үлгүрүштү.Бул өтө копол, дипломатиялык эреженин этикасына сыйбаган осол окуя болду.Бул жолугушуудан жамандык издебегиле, кыргыз-казак мамилесине доо келтирип аласыңар.Борбор Азиядагы менталитет, каада-салтка акаарат келтирбегиле.Урматтуу Нурсултан Абишевич Назарбаев кыргыз-казак мамилесине өтө

аяр мамиле жасаган эстүү инсан.Каада-салтты тыйып, аны мыйзамдын алкагына барып такабагыла.Мамиле майда нерседен бузулат.Шайлоо өтөт, эл нан-чай менен каларын унутпагыла.Эгер Бабанов, Назарбаев менен жолукса, 2011-жылы, президенттик шайлоонун алдында президенттикке талапкер Атамбаев Алмазбек Шаршенович деле Москвага учуп барып, Путин менен жолугушуп келген, анда эч ким минтип, саясий чуу чыгарган эмес.

Баткенге барып, вице- премьер Зилалиевдин мыйзам бузуп, "Шайлоодо Жээнбековду колдогула!" деген кайрылуусу накта мыйзам бузгандык болуп калды.Бул парламентте көтөрүлгөндөн кийин, эскертүү берилип, шайлоону уюштуруу боюнча штабдан четтетилди.

Мына жакында эле Юридикалык академиянын окутуучусу, кабинетте сабак убагында Сооронбай Жээнбеквду шайлагыла деп үгүт ишин мыйзамсыз баштаганы билинип, жаштар филармониянын алдында флеш-моб кылууга аргасыз болду.

Мектептин ичине уюштурулган шайлоо участкаларында, мэрлер, депутаттар, министрлер чыкпай калды,мыйзамды эмнеге сыйлашпайт, буга окшогон тумшук салып, баарын көзөмөлдөөгө Конституция жол бербейт.

Биз, аксакалдар, президенттик шайлоонун тынч, мыйзам чегинде отушун каалайбыз. Ушул максатта сизге ушул кат менен кайрылып жатабыз, катта айтылган маселелерди карап чыгып, кабыл алынган чаралар туурасында бизге маалымат берип коюшунузду сурайбыз.

Кыргыз Республикасынын Акасакалдар кенешинин мучолору

К. Акназаров, К. Бурханбаев, К. Маматов, К. Курманбеков, Ж. Рыскулов,

З. Турдукеев, Ж. Тулебердиев, О. Дуйшеев, Т. Сапарбаев,

О. Нарбеков, Г. Момунова, И. Мадинхай

Кыргыз Республикасынын

Акасакалдар кенешинин торагасы Д. Шадыбеков